Тарых сүйлөйт

# Осмон датка Тайлак уулу

*Айтылуу Тайлак баатырдын уулу Осмон датка кыргыз элинин чыгаан инсандарынын бири. Ал оош-кыйыштуу окуяларга бай XIX кылымдын экинчи жарымында Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда олуттуу роль ойногон. Осмон датканын атасы Тайлак баатыр, чоң атасы Ырыскул бий, бабалары Тоймат бий, Жанболот баатыр XVIII- XIX кылымдарда саяк уруу бирикмесинин Ала-Тоону айыгышкан жоодон коргогон атактуу жол башчыларынан болушкан. Алсак, Тайлак баатыр X X кылымдын 20-30-жылдарында, адегенде Цинь баскынчыларына каршы чечкиндүү күрөш жүргүзгөнү белгилүү.*



Осмон датка Тайлак уулу

## Аккан арыктан суу агат

***Осмон датка болжолу 1822-1825-жылдардын аралыгында туулган. Ошол доордогу кыргыз тарыхы боюнча мыкты адис, чоң окумуштуу тарыхчы А.Хасановдун санжырага таянып жазганына караганда Тайлак баатыр өлгөндө уулу Осмон 13 жашта экен.***

Ал эми Тайлак баатырды болжолу 1838-жылы Кокон ханы Мадалы жашыруун жиберген дарыгер-табып тыңчысы аркылуу уулантып өлтүрткөн экен. Элдик санжырада"Тайлак баатыр тогуз аял алып, сегиз балалуу болгон. Алардын арасынан "Осмон деген тун уулу тың чыгып, көп жылдар бою эл бийлеген,"- деп айтылат. Чындыгында эле анын чыгаан инсан катары чыга келгендигине кийинки тарыхий окуялардын жүрүшү, датканын өтөлгөлүү өмүрү күбө.

Болочок жол башчы бала чагынан көптөгөн окуяларды өз көзү менен көрүп, көп нерседен жакшы кабардар болгондуктан эрте жетилгени анык. Атантай, Тайлак сыяктуу атак-даңктуу адамдардан алган таалим-тарбиясы, бабаларынын эрдиктери тууралуу аңыз кептер анын жүрөгүнөн түнөк таап, ар дайым алга сүрөмөк.

Асыресе, 30-жылдардын орто ченинен тартып ал ар дайым жортуулдарда атасынын жанында жүрүп, кол башчылык өнөрдү үйрөнгөнү, тынчтык учурда эл бийлөөнүн эрежесин, жол-жобосун, адат-нарктарды, каада-салттарды өздөштүргөн. Мекендин жүгүн көтөргөндү өзүнүн ыйык милдети катары сезе баштаганы талашсыз.

Ушундай асыл сапаттарга, артыкча касиеттерге ээ болууга жаш чагынан умтулуу гана анын атасы Тайлак баатыр күтүүсүздөн ууланып, көз жумганда элинин ишеничине ээ кылган.

## Бала датка

***Айтмакчы, атасынын өлүмүнө кокондуктар күнөөлүү экенине кийинчерээк көзү жеткен Осмон 1840-жылдарда Куртка чебине кайра -кайра чабуул коюп камап, андагы сарбаздарды оор жоготууларга дуушар кылып турду.***

Ички Теңир-Тоолук кыргыздардын Кокон хандыгынын үстөмдүктөрүнө каршы күрөшү, өзгөчө 40-жылдардын аягында күч алат.

Акыры айласы кеткен Курткадагы Кокондун бийлиги сак саясат жүргүзүүгө, мындагы кыргыздарга аяр мамиле кылууга, калкка кадыр-барктуу манап-бийлерди өз бооруна тартууга аргасыз болгон. Дал ушул максатта Кокон ханы Тайлак баатырдын кунун төлөгөн түр көрсөтүп, Осмонго датка манап-мартабасын ыйгарып, кымбат баалуу белектерди тартуулайт. Мындан башка Куртканын амалкөй беги Мамаразык ошол кездеги орус автору жазгандай, атайлап эл көзүнчө Осмондун абройун, кадыр-баркын жогорулаткан, башкаларды басынтыш, кыргызды бөлүп-жарып арасына жик салыш үчүн аны менен куда-сөөк болгон. Аны ашыра мактап паңсат атап, ага тең ата бийлерди атаандаштырууну, ич ара чыр-чатакты тутандырууну көксөгөн. Демек, Осмон датка бекеринен 500 жигит күтпөсө керек.

50-жылдары анын атагы алыска угулуп, башка уруулардын арасында да сый-урматка арзыйт. Алсак, кадимки Ормон хан өз ара ынтымакты чыңдоо, хандыктын күч-кубатын арттыруу үчүн тун уулу Үмөтаалыны Осмон датка менен достоштурган. Ал түгүл көп өтпөй эки тарап куда-сөөк болуп, Үмөтаалынын кызына Осмондун Ботокан деген уулу үйлөнүптүр.

Осмон датка ошол кездеги кыргыздын билермандары: бугу, сарбагыш, саяк, солто, черик, моңолдор, адигине, азык, тынымсейит, базыс, кушчу, кытай, саруу ж.б. уруулардын чоң манаптары, бийлери: Боромбай, Муратаалы, Тилекмат, Жантай, Жангарач, Алымбек датка, Ажыбек баатыр, Үмөтаалы, Байтик, Чыны, Рыскулбек, Турдуке, Түлөөке, Байтөрө ж.б. жакшы мамиледе болгону шексиз.

**Тайлак баатырдын уулу Осмон Датка 1825-жылы Куртка айылында төрөлгөн. 1915-жылы Жыртак-Үңкүр конушунда кайтыш болгон.) Чоро – саяк уруусунун чоң манабы, даткасы кыргыз элинин эркиндиги көз каранды эместиги үчүн активдүү күрөшүүчү, саясий коомдук ишмер. Осмон датка жашап өткөн доор XIX кылымдагы кыргыз тарыхынын бурулуш жылдарына туш келет. Ал эс тарткан Цинь падышачылыгынын майда элдерге жасаган теңсинбөөчүлүк мамилелери жана аларга карата майда тынымсыз жортуулдары, Теңир-Тоодогу Кокон хандыгынын бүтүп бараткан жандими саясаты, күрдөөлдүү Орус оторчулугунун тушундагы азап-тозоктор, ички уруулар арасындагы оош-кыйыштыктар – Осмон датканы кыргыз элинин чыгаан уулу, жол башчы, феномен инсан катары тааныткандын мына бүгүн кыргыз тарыхы тастыктап олтурат.**

**Кытай жазма булактарында циндик кытайлар 1825-жылы кулжа айында Тайлак Баатырдын айылын чаап кеткени жазылган. Ошол жылы айылды кызыл уук кылып кытайлар чапкан учурда Осмон датканын кантип тирүү калганын ар кандай варианттарда айтылган аңыз сөздөрдө бардыгында Осмон бир жашка толо элек бала экендиги айтылат.**

**Тайлак баатыр уулантылып өлтүрүлгөндө уулу Осмон 13 жашта болгон. Кыргыздардын кыжырдануусунан корккон Кокон ханы Тайлак Баатыр көз жумгандан көп өтпөй Осмонго "датка " наамын ыйгарат, (проф, С.Аттокуров) б.а. Кокон хандыгы анын саяк уруусун бийлөөчү укугун тааныйт. Куртка чебинин ошол кездеги беги Мамаразыкка Осмон Датка көп колдоо көрсөтүүгө тийиш болчу.**

**Осмон датка 1863-67-жылдары Үмөтаалы Ормон уулу менен бирге Орусия падышчылыгынын букаралыгына өтүүгө каршылык көрсөтөт. Орус аскерлеринин подпоручиги Зубаревдин аскердик тобун 1863-жылы талкалоого катышкан. 1868-жылы май айында Тогуз-Торо аймагында жашаган көчмөндөргө орус оторчулугун орнотуу үчүн барган майор Загряжскийдин аскер тобуна Осмон датканын жигиттери кол салган. Осмон датка колго түшүрүлгөн орус офицери, Баяке, Келдике, боркемик Райымкул баштаган бир нече туткун менен Анжиянга бет алып, бирок ал жакка жетпей Кытайга өтөт. Ал жерде он эки жыл тургандан кийин Ала-Тоого кайтып келет.**

**Андан соң Осмон датка өмүрүнүн акырына чейин саясий турмушка катышпаган. Осмон датканын кайсы жылы каза болгону белгисиз. Бирок кыргыздын акыны Калык Акиевдин эскерүүсүндө Бекназар менен Найманбай Осмон датканын ашында айтышкан деп айтылат. Бекназар ырчы 1916-жылы каза болгон. Демек, Осмон датканын ашы 1915-жылы өткөрүлгөн деп болжолдоого болот. Башкача айтканда Осмон датка 90 дон ашып каза болгон.**

## Осмон датка оторчулукка каршы чыккан

***1860-жылдары Осмон датка орус аскерлеринин ички Теңир-Тоодогу баскынчыл аракеттеринин маалында Үмөтаалы менен бирге көз каранды эместик үчүн күрөшкө башчылык кылды.***

Бул күрөш 1863-жылы башталып, дээрлик беш жылга созулган жана кеңири аймакты: Кара-Кужурдан тартып, Ак-Талаа, Ат-Башы, Арпа, Ак-Сай, Тогуз-Торо өрөөнүнө чейин кучагына алган. Бул кыймыл күчтөп басылгандан кийин деле Осмон датка Россия букаралыгына өтүүнү каалабай өз бетинче көз каранды эместик үчүн күрөштү уланта бергени белгилүү.

Ал баштаган элдик кыймылдын жаңы эпкини 1868-жылы жайында Тогуз-Торо өрөөнүндө өткөн окуялар менен байланыштуу.

Ошол жылы май айынын аяк ченинде Токмок уездинин акими майор Г.С.Загряжеский буга чейин эсепке кирбей калган кыргыздардын санын тактоо жана аларды тиешелүү болуштуктарга кошуу максатында Тогуз-Торого келет. Мындан бир нече ай мурдараак ал Осмон датканы тынчытууну көздөп, уулу Мамыркан-ды аманат, мейман-туткун катары карматып, Верныйга (Алматы) жөнөткөн болчу. Ошондуктан Осмон датка коопсуздук үчүн миң түтүндөй элин ээрчитип, Ак-Талаадан Тогуз-Торого көчкөн эле.

Оторчуларды оосдуктоого оңтойлуу учурду күтүп жүргөн Осмон датканын кошууну көп өтпөй (1868-жылы 1-июлда) караңгыда капилеттен "Тайлак" деп ураан чакырып, Г.С.Загряжскийдин турагына чабуул коёт. Уездин акими кыргыздардын кысымынан аткылашып жатып, Нарын дарыясынын боюндагы чытырман токойго кире качып араң аман калат. Падыша аскерлери менен бир нече жолу кагылышуулардан соң, кошумча орус аскерлери тез арада келээрине көзү жеткен Осмон датка адегенде Көгарт ашуусу аркылуу Анжиян тарапка оойт. Бул тарапта кырдаал тескери өңүттө өзгөрө баштагандыктан, ал тез арада Анжиянга караштуу Көгарт жайлоосунан Кашкар аймагына Арпа жайлоосу, Сөөк ашуусу аркылуу өтүп кетет. Мында ал 10 жылдан ашуун убакыт жашаганы тарыхий даректерден жакшы маалым.

1877-жылы жети шаар мамлекетинин өкүмдары Жакыпбек бакдөөлөт өлгөн соң, ал өлкөдө ханзаадалардын бийлик талашкан күрөшү токтобой, мамлекет кыйраганда (1877-1878) Осмон датка киндик каны тамган жерине кайтты. Элинин сүймөнчүктүү жол башчысы ар-намысын алдырбай Ала-Тоодо кыйла жыл, болжолу XX кылымдын башына чейин жашады.

Токторбек ӨМҮРБЕКОВ,
тарых илимдеринин доктору,
профессор

*Кыргыз эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиев мындан бир топ жыл мурун жазган тарыхый чыгармасы «Тайлак Баатыр» баянынын баш сөзүндө «Жалпы элдик жана өкмөттүк кастарлоого татыктуу, болгондо да улуттук баатыр Тайлак (1796-1838) да тарыхый калыстыктын айдыңында толук баасын алып, кеңири салтанатталчу кезегин күтүүдө» деп белгилеген эле.*

◆ Тайлак баатырга – 215 жыл

# Тайлак баатыр



Тайлак баатыр

«Соң-Көл» Тайлак баатырдын негизги ата конуштарынын чордону. Бул аймактан кыргыз элинин даңкын көтөргөн көптөгөн инсандар чыгышкан. Алардын катарында Тайлак баатыр Рыскул уулунун өзгөчө орунду ээлегени шексиз.

Кыргыз тарыхын кунт коюп иликтеген, сабаттуу акын, айтылуу Байымбет Абдырахманов (Тоголок Молдо) өзүнүн улуу жердеши Тайлак баатырдын эрдиктеринин жана коомдук ишмердигинин илеби сууй электе, ал тургай көрүп уккан айрым карыялардын эскерүүлөрүнөн жыйнап, сыймыктана шакирттери Нурдин молдо менен Абдыкалык Чоробай уулуна насааттап «Тайлак баатыр» дастанынын эки вариантын жаздырган. Ал жөнүндө кыргыз элинин атактуу акындары Арстанбек (Ысык-Көлдөн), Чоңду (Таластан), Нурмолдо (Аксыдан), Барпы (Сузактан) жана башкалар өзүлөрүнүн чыгармаларында омоктуу ойлорун айтып калтырышкан.

Тайлак баатыр эл аралык масштабдагы инсан экендигинин ачык маалымы – бул ал жөнүндө коңшу элдердин өкүлдөрүнүн тарыхый чыгармаларында да кеңири орун берилгендигинде. Алсак XIX кылымдын ортосунда жашаган көрүнүктүү казак окумуштуусу Шокан Уалихановдун эмгектерин, ошол эле мезгилдеги өзбек тарыхчысы молдо Муса Сайраминин чыгармасы жана Цин империясынын башкаруучуларынын (кытай элинин) жылнаама тарыхтарында чагылдырылганын айкын күбө катары келтирсек болот.

Ал жөнүндө көрүнүктүү кыргыз тарыхчысы Белек Солтоноев да өз мезгилинин деңгээлине жана дараметине жараша маалымат берген эле. Ал эми белгилүү тарыхчы профессор Сабыр Аттокуров «Тайлак баатыр» аттуу илимий иликтөө жүргүзүп, жогорку окуу жайлары үчүн бир топ көлөмдүү, ары кызыктуу окуу куралын жазган. Көрүнүктүү аалым жана мамлекеттик ишмер Кубат Осмонбетов өзүнүн кызы Гүлнара жана уулу Эмил менен авторлоштукта «Тайлак баатыр жана анын доору» деген китеп жазышкан.



Нарын шаарындагы Тайлак баатырдын эстелиги

Ошентсе да, бул инсандын өрнөктүү өмүр жол таржымалы али даана жана толук ачыла элек, бир далай бүдөмүк жерлерин дыкат изилдеп такташыбыз керек. Маселен, Тайлак баатырдын Кокон ханы Мухаммед Али (1822-1841) менен өз ара мамилелери эмдигиче бурмаланган бойдон тарыхый эмгектерде жызылып келүүдө. Тайлактын туткундалып Коконго алынып келиниши, азырынча Шокан Уалихановдун күмөн маалыматтарынан бөлөк эч бир тарыхый булактар менен ырастала элек. Ал эмес кыргыз уламыштарында да мындай кабар жок экендигин баса белгилемекчимин. Деги эле мындай жагдай ошол мезгилдеги тарыхый окуялардын логикалык жүрүшүнө да топ келбейт. Андыктан албетте бул тараптарды иликтөө жаңы деңгээлде колго алынаары келечектин талабы.

Тайлак баатыр эң оболу кыргыз коомчулугуна даңкы чыккан тектүү ата-бабанын нарктуу жолун жолдогон кыргыз уулу – Улуу инсан. Ал эрте жетилип эл камын ойлонгон, элдин мүдөөсү менен жашап өмүрүн элдин келечегине, мамлекеттик биримдигин чындоого арнаган жаркын инсан. Тайлак жеке эле кыргыз элин чет жерлик баскынчылардан коргоо менен чектелбестен, коңшу боордош мусулман калкынын өкүлдөрү болгон - уйгурлардын мекени - Кашгариянын эркиндиги үчүн күрөшкөн.

Тайлак баатыр достукка, кудатамырчылыкка бекем болгон. Ал мусулман элдеринин биримдигине жетиш үчүн өзүнүн кызын уйгур элинин эркиндигинин туусун көтөргөн, эр жүрөк Жаңгыр кожого аялдыкка берип кан куда болгон, өзү да Кашгардын акиминин уйгур кызы-Бегайымга үйлөнүп, аны ызаттап эң сүйүктүү жары катары кастарлаган.



Тайлак баатыр эр жүрөк кыраакы кол башчы катары, өзүн көп кыйчалыш кырдаалдарда, жогорку адамдык сапаттарга эгедер экендигин көрсөтө алган. 1825-жылы күз мезгилинде бейкут жатышкан кыргыз айылдарына кыргын салган чет жерлик манжур-цын баскынчыларынын Байанбату генерал баштаган 7 миң аскерден турган кошуунунун мизин кайтарган. Ушул Кароо капчыгайындагы окуя эле Тайлакты кандай инсан болгондугунан кабар берет. Биринчиден, Ак-Талаанын Кароо капчыгайындагы бул салгылаш кыргыз жоокерлерине даңк алып келген.

Тайлак Баатыр кыргыз элинин улуу инсандарынын арасынан улуттук мамлекеттүүлүктүн биримдигин көздөгөн, коомчулуктун келечегин туура баамдаган кол башчылардан болгон. Бул асыл атуулдук бийик сапат азыркы биздин эгемен республикабыздын кыйчалыш кырдаалында өзгөчө мааниге ээ экендигин ачык-айкын сезүүдөбүз.

Кыргыз элинин эркиндигин камсыз кылыш үчүн эгемендүү келечегин көздөп, өзүнүн замандаштары болгон кыргыз кол башчыларын биримдикке чакырып, аларды бир нукка багыттоо аракетинде жүргөндө кутумчулуктун айынан курман болгон. Бирок, Тайлак баатырдын бул аракети текке кеткен жок. Анын ишин курдаштары Алымбек датка (адигине), Канай баатыр Түлөберди уулу (солто), Медет Байтүгөл уулу (саяк), Ажибек Алчикен уулу (саруу), Ормон (сарыбагыш) хандар колдоп, өркүндөтүштү, бара-бара ал үзүрлүү натыйжаларын берди. Буга азыркы эгемендүүлүктүн шарапаты ачык-айкын күбө болууда.

**Дөөлөтбек САПАРАЛИЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин профессору.**

*Бул ылакап кеп бекеринен айтылып калган эмес. Кыргыз санжырасында «Токтогулдай ырчы бол,Толубайдай сынчы бол» деген ак бата тээ «Алтын ордонун» доорунан калгандыгы белгилүү. Акыйкатында элдик аңыздарга караганда аталган ырчы менен сынчы ойдон чыгарылган кейипкерлер эмес. Алардын тарыхый инсан болгондугун айгинелеген толгон-токой далилдер бар. Ал эми «Ысмайылдай ырчы бол!» деген батаны анын устаты кара жаак Калык төкмө бергени анык. Бул үчүн улуу устаттын шакиртине берген сынын келтирүү жетиштүү сыяктанат. Калык ата мындай дейт:*

◆ Залкар акындын туулганына 100 жыл

# «Ысмайылдай ырчы бол!»

*Борончунун Ысмайыл*
*Жаалап турса бүт шайыр –*
*Жаакташканын ырдатпай,*
*Жабышып алып уйгактай,*
*Жеберге жете сындаган,*
*Жеңмейинче тынбаган.*

Мындай акындын кара чаар кабыландары чанда чыккандыгын көбүнчө элдеги айтылып жүргөн аңыздардан, кийин жарык көргөн «Мурас», »Айтыштар» сыяктуу жыйнактардан билип жүрөбүз.

Эмне үчүндүр элге акындардын айтышы аябай жага турган. Анын бир себеби – ошол учурдун коомдук турмушу, эл-жердеги зор өзгөрүштөр жана жаратмандык эмгектин ийгиликтери, ошондой эле айрым мүчүлүштүктөрдүн айкын чагылдырылышы болгон. Өзгөчө Ысмайыл Борончиев менен Токтоналы Шабданбаев экөөнүн айтышы угарман журтунун кызыгуусун арттыра турган. Табиятынан куйкум сөзгө, курчу, мурчу каныккан күйдүргү күлкүсү шакардай кайнаган Ысмакемдин ыр саптары көңүлгө кыт куйгандай уюп калчу.

Дээринде сатира менен азил тамашага ышкылуу акындын эч бир чыгармасын жылмаюсуз окууга мүмкүн эмес. Токтоналы менен айтыштарында ал ыр саптарын сатиранын уусуна чылап, удургутат. Мындай дегенибиздин себеби – ал азыркы жамакчылардай беймаани саптарды кайталап, же уйкаш таппай тантыбай, желкайыптан келгендей керемет саптарды чуурутчу. Шеригинин ГЭС курулушундагы жардыруулар тууралуу «Жорудай учат сендей таш, калдактап учат сендей таш» деген салыштырууларына ал: “Жорудай учса мендей таш, жоголгон го сендей таш», “Калдактап учса мендей таш кайда кетти экен сендей таш?» деп мыскыл жаратып жатпайбы. Алтын жаак, жез таңдай агалары тууралуу Ысмакең:

*Калык деген ким эле?*
*Канчалык казсаң түгөнбөс,*
*Кадам-Жай болчу тим эле!*
*Осмонкул деген ким эле?*
*Оюлуп чети койбогон,*
*Океан болчу тим эле!* – деп

орошон ойду,образдуу тартып жатат. Дегеле Ысмакенин поэзиясы терең философияга, адеми образга бай. Палитрасы түркүн боёктор менен шөкөттөлгөн жана сатира менен юморго каныктырылган оригиналдуу поэзия. Калык ата ага бекеринен «жеңмейинче тынбаган» деген бааны берген эмес да. Дегинкиси алп таланттарга, көрөсөн данышмандарга бай эл бактылуу! Анткени өткөнүнө кайрылса эле иделдардын галереясы көзгө тартылып, эл тагдырында, тарыхында алардын ээлеген орду адилет баалануу менен улутту туура жолго үндөөдө мерөөл болуп кала берет. «Ысмайылдай ырчы бол!» деген лакап дал ушундан улам айтылып калган эмеспи!

Ы.Борончиев 1910-жылы Чүйдүн Алчалуу айылында жарык дүйнөгө келген. Ысмакем 1936-жылы кыргыз филармониясына чакыртылып, анда калкыбызга аттын кашкасындай таанымал залкарлар менен бир катарда болуп, искусствого ак кызмат өтөдү. Анын эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланып, Кыргыз ССРинин Эл артисти деген ардактуу наам берилип, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери менен сыйланган. Ал Жазуучулар союзунун мүчөсү болуу менен «Шамбет», «Кызыл кырман», «Менин сөзүм», «Ырчынын өмүрү», «Бакыт булагы», «Мекеним» сыяктуу бир катар ырлар жыйнактарын жарыкка чыгарган..

Өткөн кылымдын 60-жылдарында Кыргыз радиосунун музыкалык редакциясын жетектеп турганымда фонотекадагы чыгармаларды иргеп чыгуу боюнча атайын комиссия түзүлүп, ага М.Абдыраев, А.Жаныбеков сыяктуу композиторлор, Ы.Борончиев, Ч.Иманкулов сыяктуу искусство чеберлери кирген эле. Өзүбүзгө бөлүнгөн студияга күн сайын чогулуп, муз.режиссер П.Усенов белендеп койгон кутучалардагы тасмаларды угуп кирчүбүз. Мунун бир себеби—көчмө студия менен жер-жерлерге барып, эл шайырларынын аткаруусундагы ыр, күүлөрдүн ылганбай эле жазылып алынгандыгы, экинчиден тасманын өзүнө каатчылык болуп калгандыгында эле. Комиссия мүчөлөрүнөн Ысмакем менен Чалакыз аксакал бир күндү да үзбөй так келишчү.

Ар бир чыгарма боюнча пикирлер айтылып,ага калыс баа берүү менен фондуда калсын, же өчүрүлсүн деген бүтүм кабылданчу. Арадан бир жарым – эки саат өткөндөн кийин танапис жарыяланчу. Карыларда жакшы маанай жаратыш үчүн ошо кезде «Сом кара» деп тергелчү жакшы шараптан стаканга толтура куюп, алдыларына апкелчү элек, Анан Ысмакеңе илхам келип, эзелки бир окуяларды эшип кирчү дейсиң- кайда экенибизди да унутуп калчубуз. Анын «Эмгекке үйрөт баланды», «Акмат сууга акканда», «Алты акындын айтышы» сыяктуу азил аралашкан ырларын айтпаганда да Шабдан баатыр Мекеге аттанып жатканда атайын чакыртылган акындардын аны даңазалап ырдаганы өзүнчө баянга айланчу.

Өзүнүн жанда чанда кездешчү эс тутуму менен Ысмаке бир таңгаларлык феномен эле. Андагы энциклопедиялык бай маалымат эми эле тасмага жазылып алынгандай кылдай кыйкымсыздыгы менен адабият күйөрмандарын да айран калтырчу. Алымкул менен Осмонкулдан кийин айтыш өнөрүн апогейине жеткирген эки акын Ы.Борончиев менен Т.Шабданбаев болгондугун адилетчилик үчүн белгилөө абзел. Мында Токоң акындын залкарлыгын ачыш үчүн жардамчы болгондой эле таасир калтыра турган.

Ошентип эгиздей эрчишкен эки талант тең бир жылда – 1978-ж. дүйнө салышты.Токоңдун көзү өтөрү менен ага арнап, көлөмдүү ыр жазып, редакцияга апкелди Ысмакем. Ыр араб арибинде кагазга түшүрүлгөндүктөн машинисткага өзүңүз окуп бериңиз дедим. Ошол эскерүүдөн:

*Ай тийбес жердин алдында*
*Асылым Током калдың да.*
*Күн тийбес жердин алдында*
*Күкүгүм Током калдың да,* – деген саптары күнү бүгүнкүдөй көңүлүмдө. Анан өзү да ошол жайдан барып орун алып жатпайбы.

**Ильгиз ТАЛИП (Гилязетдинов),**
**акын,**
**КРнын маданиятка эмгек сиңирген ишмери**

● Рыскулбек уулу Тайлак баатыр – 220

# Улуттук баатырга көрсөтүлгөн урмат


Тайлак баатырдын айкели

Бурмакан САТЫБАЛДИЕВА, "Кыргыз Туусу"

*Кыргыз тарыхынын ак тактарынын бүктөмүндө калган нечендеген инсандарды анын ичинде Тайлак Баатыр уулу Осмон датка жашаган доордун аянынан кабар берген чындыкты расмий түрдө жарыялап, тарыхка киргизип, тарыхый калыстыктын айдыңында толук баасын алчу күн да келип жетти. Ушул айдын башында Ак-Талаа жергесинде бийлердин чынжырынан чыккан Жанболот баатырдын уулу, Рыскул бийдин баласы Тайлак баатырдын айкели кичи мекеninде ачылды.*


Вице-премьер-министр Д.Ниязалиева сөз сүйлөөдө

Тайлак 1796-жылы Соң-Көлдө төрөлгөндүгү тарыхчы С.Аттокуровдун "Тайлак баатыр" аттуу илимий монографиясында айтылат. Профессордун:"Ар бир тарыхый инсан коомдук саясый өсүштүн азыгы. Алардын ар кандайы бар. Бирок тарых, убакыт жетекчилердин, саясый агымдардын, партиялардын адилет соту эмеспи. Баарын ордуна коё турган күч тарых", – деген учкул сөзүн учураттым.


Аземде

Жерибизди басып алуучулардан коргогон, кыз-жигиттерин Кокон ордосунун кулчулугунан бошоткон, Кытай колонизаторлордун жакшы куралданган аскерлерин элдик ополчениенин күчү менен жеңген баатыр айкелинин ачылыш салтанатында вице-премьер-министр Дамира Ниязалиева да өз сөзүндө профессор С.Аттокуровдун илимий эмгегине кайрылып, мындай цитата келтирип өттү: "Орошон ойлуу тарыхчы-профессор агабыз Сабыр Аттокуров Тайлак баатыр тууралуу: "Кыргыздардын этнос катары сакталып калышына Тайлак сыяктуу эл уулдары себеп болгонуна шек кылууга болбойт", – деп таасын белгилейт. Ошондой эле окумуштуу-аалым оюн мындайча улайт:"Тоодой тору аргымактын жана боз жоргонун изи Чыгыш Түркстандын талааларында жатса, анын баатырдык аракеттери эл эсинде, кытай кол жазмаларында жашоодо. Ал кыргыздарды биримдикке чакырган, бирок өз доорунда мекендештеринен колдоого ээ болгон эмес".

Д.Ниязалиева ЮНЕСКОнун баалуу мурастарынын тизмесине кирген тарыхый инсандардын бири Тайлак баатырдын 220 жылдык юбилейин республикалык деңгээлде өткөрүү боюнча иш-чаранын планы Өкмөттө каралышы керектигин белгиледи.

Аземде сүйлөгөндөр айтышкандай, Тайлак бабабыз жараткан эрдиктер Ооганстан, Бадахшан, Бухара, Кокон дубандарына, Казактын талааларына аңыз-уламыш болуп тараганы анын ошол кездеги саясый кырдаалда, кытайдын Цин империясынын аскерлерине, Кокон хандыгына жасаган жүрүштөрү, ички саясатта "кыргызчылыктын"кыйла калчоосуна туруштук бергени, эми "эки тизгин бир чылбырды" колуна алып, кыргыздарды биримдикке чакырып турганда киши колдуу набыт болушу, ага байланыштуу башка окуялар сүйлөгөндөрдүн сөзүндө эскерилди. Кыскасы агасы Атантай экөөнүн ысымы бүткүл Туранияга тараганын изилдеген тарыхчы окумуштууларды кептин кыябы келгенде айта кеткенибиз оң.

"Тайлак баатыр" даректүү романынын автору Ш.Бейшеналиев: "Улуу муундагы тарыхчыларыбыз Б.Жамгырчыев, С.Ильязов, А.Хасанов, С.Табышалиев, К.Үсөнбаев менен далай аңгемелешүүлөрүмдө байыркы элибиздин соңку тарыхында ар тараптан сугун арткан талоончулардан коргогон дайын дареги эч көөнөрбөс белгилүү жалпы кыргыздын улуттук баатыры Тайлак экенин далилдегендерине кангамын", – дейт.

Ал эми кийинки муундагы тарыхчылар Ж.Жакыпбеков, Т.Чоротегин, Т.Өмүрбеков, Т.Асанов ж.б. Тайлак баатырдын доорун, жеке тагдырын изилдеген иликтөөлөрү окумуштуулар чөйрөсүндө гана эмес, коомчулуктун калың катмарынын да кызыкчылыгын туудурат. Мурда совет доорунда Тайлак баатыр жөнүндө КСЭда эки абзац гана түшүндүрмө болсо, азыр Кудайга шүгүр. Тайлак баатыр ЖОЖдордо, мектеп программасына киргизиип, окутулуп жатат. Президент А.Атамбаевдин: "Кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүү, жарандык атуулду калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө жарлыгынын негизинде Тайлак баатыр жана анын уулу Осмон датканы соңку тарыхка киргизүүгө жасалып жаткан аракеттер буга мисал.

Тайлактын уулу Осмон датканын айкели мурдагы жылы Казармандан башталган түндүк-түштүк жолунун боюна коюлган. Эми минтип Тайлак баатырдын айкели Президенттин колдоосу менен кичи мекенинде ачылды. Айкелдин узундугу 10 метр болду, анын жасалышына 955 миң 711 сом сарпталды. Бул айкелди жасоого Президенттин фондунан 300 миң сом бөлүнүп берилген. Мындан сырткары Бишкекте иштеген ак-талаалык ишкерлер, райондук мекемелер, "Үгүт эли", "Ак-Тал" коомдук бирикмеси, Баетов айыл өкмөтү, Тайлак баатырдын урпактары, ошондой эле пенсионерлер дагы салым кошушканын Ак-Талаа районунун акими С.Черикбаев белгилеп өттү. Семетей Черикбаевдин айтымында бул айкелди коюу демилгеси жеке райадминистрацияга таандык болуп, аны аягына чыгаруу ашар жолу менен ишке ашырылган.

Айкелдин автору Жолдошбай Жамангуловго, өздүк жардамын аябаган скульпторго Ак-Талаа районунун ардактуу атуулу деген наам жана Ардак грамота ыйгарылды.

Президент Алмазбек Атамбаев Нарын шаарынын активдери менен жолугушууда:

"Мен суранам, Апрель революциясынын баатырлары капаланбагыла. Өз убагында баатырдык наам 5 миңге жакын адамга ыйгарылган. Бул эрктүү адамдар мамлекет үчүн эбегейсиз эрдиктерди жасашты. Бирок азыр эл Тайлак баатырды, 7-апрелде курман болгон баатырларды чыныгы баатырлар деп эсептешет", – деп айтты.


Скульптор Ж.Жамагуловго аким С. Черикбаев сыйлык тапшырууда


Тайлак баатырдын урпактары

• Дүйнөдө толгон кызык бар

# ЭҢ КИЧИНЕ АДАМДАР



*Африканын жүрөгүнөн орун алган Конго жеринде биздин планетабыздагы эң кичинекей адамдар - пигмейлер жашашат. Алардын боюнун узундугу 150-120 сантиметрден ашпайт. Өзүлөрү кичинекей болсо да, жан-дүйнөсү музыкага өтө жакын. Ал эми аңчылыкка чыгаарда төрт кишиден турган чакан топ түзүп алып барышат. Себеби, чоң жаныбарды өлтүргөнгө кичинекей адамдын алы-күчү жетпейт. Алгач бир пилди аңдып, аны өлтүргөнчө өсүмдүк, жер-жемиш менен тамактанышат. Ал эми пилди өлтүргөндөн кийин урууда чоң той башталат. Пилдин тумшугун уруу ичиндеги аксакалдарга тартуулашат. Бул аларды сыйлагандын, урматтагандын белгиси. Пилге аңчылык кылган адамдар уруу ичинде чоң кадыр-баркка ээ. Себеби пилдер оңой-олтоң колго түшө бербейт. Эгерде пигмейди пил көрүп калса тумшугу менен челип ыргытат. Шамдагайлык кылып пигмей бакка асылып аман калса калат. Эгерде жерге кулап түшсө пил анын таш талканын чыгарат.*

• Баатырлар баяны

# ТАЙЛАК БААТЫР

## Укумдан тукумга өткөн баатырлык

Аты ааламга, даңкы далайга жетип, жомокко айланган Тайлак баатыр 1796-жылдары жарык дүйнөгө келген. Тайлак баатыр кадимки Жанболот баатырдын небереси. Жоокерчилик замандын көкжалдарынын б[...]и катары бой тарткандан ата намысын сактоо үчүн аракет жасап, тоолук кыргыздардын эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн тобокелге баш байлап, бүгүнкү Тогуз-Торо менен Ак-Талаа райондорунун чегинде жашаган элине тутка болгон. Тайлак баатыр эл арасында, жазма тарыхыбызда эмес, коңшу элдердин - кытайдын, өзбектин, казактын тарыхында белгилүү адам. Бул жомок эмес, чыныгы тарыхый баатыр. Кыргыздын саяк уруусунун чоро уругунан тараган тукумдун мыкты чыкмасы. Тайлак баатырдын бир туугандары Атантай экөөнүн жетекчилиги астында Кокон бийлигине, Кытай жортуулчуларына каршы согуштардын байма-бай болуп тургандыгы эл эсинде сакталуу. Мына ошол кандуу кыргындарды башталышындагы жекеме-жекеге чыккан эр сайыштардын натыйжасында Тайлак баатырдын жеңиштерге жетишкендиги жомок болуп айтылып, тагдыры кенже эпостук деңгээлге чейин көтөрүлгөн.



## Кытай кыргыз кармашы же Тайлак баатырдын эрдиги

Болжолу 1825-жылдары жайлоо кезинде бир кабарда 600, бир кабарда 1000 кытай (соңкусун апыртып айтса керек) келип, Нарын өзөнүнөн саяк кыргызы чоро уругунан Тайлактын айылын түн ичинде, капылетте жатканда тегеректеп калган. Тайлактын Бөбөтай, бир кабарда Ноорузбай деген жигити үйүнө киргизип койгон Тайлактын Буурул ат деген күлүк атын жетелеп чыгып минип, жөө калган Тайлакты аттын куйругун карматып, сүзө качып, калың кытайды жара качып кутулган. Түн боюнча туш-туштагы саяктын күлүк аттуу баатыр жигиттери жаа тарткан, мышык аткан мергендерин жыйып, кара журттуу айыл калтырбай, абышка, жаш баланы койбостон чогултуп, алардын караанын көрсөтүп, көрүнөө жерге коюп, андан жасоосун ылгап, айырып чыгып, кытайга көрүнбөй качырып чыгар жерден бугуп, таңдын атышын күтүп турган. Таң аппак атканда калың кытайдын капкара болуп котолоп айылды басып жатканын көрүп, катын-бала, калган эл-журтту кырып таштаган экен деп, Тайлактап ураан чакырып, бүткүл эр-азаматы урган таштай болуп качырып чыкканда, кытайдын көбү аттарына мине албай, далайын саяктар өлтүрүп жиберген. Кытайларды айылдын үстүнөн сүрөп чыгып урушуп жатканда саяк Байбагыштын айылында ат семиртүүгө жайлап, Нарындын боюнда Куртка Коргондо жаткан өзбектин жүз сарбазы, бир кабарда кытай келет деп кооптонуп жаткан аскерине кабар жетип калып, алар согушуп жатканда үстүнөн чыгып, кытайлар чыдай албай качкан. Кыргыздар үч күн согуш кылып, Арпа менен Накан дарыяларынын ортосундагы Кароо деген капчыгайга камап алган. Кытайлар түн ичинде арчанын түбүнө от жагып тамак бышырып жатканда, кыргыздар жашынып барып, чекесинен сүйрөп качып, өлтүрүп турган. Күндүз жазырык, түндө туш-туштан тегеректеп кыйкырык менен камап алганына чыдай албастан, чап менен өйдө чыга качып, элден мурун бүткүл кийимдерин өрттөп, анан соң бирин-бири кылычташып өлтүрүшкөн. Өзүнөзү дагы өлтүргөн. Белине ок тийип, арчада жаткан кытай жаа менен Норузбайды атып жибергенде тийбей калып, Ноорузбай ал кытайды өлтүргөн. Ошончолук жүздөгөн кытайдан сарала атчан бир кытай качып кутулган.

## Уулангaн наштар

Он тогузунчу кылымдын отузунчу жылдары Теңир-Тоо койнунун төрү болгон Курткага ал чеп курган. Кокон кандыгынын туура эмес бийлик жүргүзүүсүнө каршы элдик көтөрүлүштүн уюштуруучусу, жетекчиси болгон. Тайлак баатырдын сесинен чочуган бийлик төбөлдөрү ар кандай амалдар менен анын көзүн тазалоо аракеттерин жасаган. 1838-жылы Тайлак баатырды Кокон кандыгынын атайын жөнөткөн тыңчысы Көр Аким табып кебетесинде жүрүп, ыңгайын таап, ууланган наштар менен өлтүрөт. Ошентип Тайлак баатыр 42 жашында көз жумган. Тарыхтагы улуу ысымдарды эстей жүрүү үчүн Нарын дайрасынын жээгиндеги Куртка айылына Атантай, Тайлакка кош бешик кылып жай казылып, кош күмбөз тургузулган.

Ж.КАЛДАРОВА

• Ыр чачыла

## Эне тилим

Кыргыз тилди кубаттаймын, мактаймын,
Канча жашаймын, мен ошончо сактаймын.
Кылыч кармап турса дагы душманым,
Кыя чапсын мен тилимен кайтпаймын.

Укчу досум, укчу кыргыз тууганым,
Укул сездүн элден чыгып турганын.
Унутпачы эне тилди эсирип,
Улуу тилди эч убакта танбагын!

Бүт дүйнөнүн адамзаты,
Бирдей өңү, дилибиз.
Бизди турган айырмалып,
Бир гана эне тилибиз!

## Таза тил

Тилди жазам, сактаганга үгүттү,
Теңине албай өз тилдерин унутту.
Так сүйлөгүн кыргыз тилде кыйналбай,
Тебелебей кыргыз деген улутту.

Эки кыргыз орус тилде сүйлөшөт,
Эсине албай, эне тилди сүй десек.
Эне тилин өгөй болуп калбасын,
Эсиң барда өз тилиңе күй демек.

Орус тилдин жагдайы бар өзүнүн,
Обу жоктун теңи орусча сөзүнүн.
Орду менен эне тилин сүйлөсө,
Ошол көрөт эне тилдин үзүрүн.



Ишенбек ИМАНАЛИЕВ,
Жумгал району,
Көк-Ой айылы

• Куш аттарын билип ал

## ҮКҮНҮН КҮНҮ ТҮН БОЛОТ

Ак үкү – белая сова
Чоң үкү – филин
Мыкый үкү – серая неясыть
Токой мыкыйы – лесной сычь
Бабырган – доловой сычь
Итчак – сплюшка
Чөл мыкыйы – буланая совка
Кыргый үкү – ястребиная совка
Жапалак үкү – ушастая сова
Саз үкү – болотная сова



Акрамали КАМБАРОВ,
Ноокат району

